**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн отчёту.**

Сентябрь айында 2019-2020-окуу жылына карата пландар түзүлүп,класстын соц.паспорттору тактальп,аныкталды.

Жыл башында-766

Жыл аягында-749

| № | Үй-бүлөдөгү социалдык абалы | 2017-окуу жылы | 2018-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | Тоголок жетим | 2 | 2 |
| 2 | Жарым жетим | 33 | 33 |
| 3 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 18 | 18 |
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөлөр | 62 | 62 |
| 5 | Ата-энеси мигарант үй-бүлөлөрдүн балдары | 115 | 115 |
| 6 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 1 | 1 |
| 7 | Мыйзам менен чатагы бар окуучулар | 1 | 1 |
| 8 | ИДН дин утчётунда турган окуучулар | 0 | 0 |
| 9 | Мектептин утчётунда турган окуучулар | 0 | 0 |
| 10 | Микроучастокто жашаган бирок окубаган окуучулар | 0 | 0 |
| 11 | Мүмкүнчүглүгү чектелген үйдө окутулган окуучулар | 7 | 7 |
| 12 | Мектепте окуган мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 5 | 5 |
| 13 | Ата-энеси инвалид окуучулар | 5 | 5 |
| 14 | Ата-энеси Чернобыль авариясына катышкан окуучулар | 0 | 0 |
| 15 | Ата-энеси Афганистандагы аскердик кыймылга катышкан окуучулар | 1 | 1 |
| 16 | Ата-энеси Баткен окуясына атышкан окуучулар | 3 | 2 |
| 17 | Ата-энеси Апрель окуясына катышкан окуучулар | 0 | 0 |
| 18 | Кароосуз калган окуучулар | 0 | 0 |
| 19 | Эмгектин эң начар формасына тартылган окуучулар | 0 | 0 |
| 20 | Өгөй ата-энелер менен жашаган окуучулар | 11 | 11 |
| 21 | Жоолук салынган окуучулардын тизмеси | 5 | 5 |

5-сентябь күнү мектептин "Коопсуз мектеп тобу"жана"Милициянын жаш жардамчылары" шайланды.17-сентябрда"Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын алдын алуу" жана "Рэкетке жана зомбулукка каршы" деген темаларда ИДН кызматкерлери менен биргеликте лекция жана маектешүү өтүлдү.7-8-9-10-11-класстардын окуучуларынан рэкетчилик боюнча анонимдүү анкеталар алынып,анда рэкетчилик жок экендиги аныкталды.18-сентябрда 5-11-класстарга

"Жолдо жүрүү жана жол кырсыктарынын алдын алуу" боюнча МАИ кызматкерлери менен биргеликте 1-11-класстарга жыйын өткөрүлдү."Уруп согуу менен балдарды тарбиялай албайбыз" деген темада ата-энелерге тегерек стол өткөрүлдү.Ошондой эле "Балдарга карата зордук зомбулук","Балдарга карата ырайымсыздык мамиле жасоонун алдын алуу" боюнча жыйындар өтүлдү.

**Октябрь** айында"Кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча 7-11-класстарга жыйналыш өтүлдү,өлкөдө болуп жаткан окуялар боюнча маалымат берилди.МАИ кызматкерлери менен биргеликте "Жол кырсыгынын алдын алуу" максатында жыйын уюштурулуп, айдоочулук күбөлүгү жок машине айдоого мүмкүн эмес экендигин айтышты. ИДН кызматкерлери менен биргеликте18-октябрда "Суициддин алдын алуу" боюнча жыйналыш өтүлдү.24-октябрь күнү "Зомбулуксуз мектеп" боюнча анонимдүү сурамжылоо иштери жүргүзүлдү.

**Ноябрда**"Тартиптүү мектеп тарбиялуу коом"жана"Зомбулуксуз мектеп" деген темаларда дилбаяндар жазылды.19-ноябрда шаардын имам-хатиби Апсатар ажы 7-8-класстарга суицид шариятка туура келбегенин терең түшүндүрдү. 22-ноябрда "Кыз адеби кымбат" 25-ноябрда "Жаш өспүрүмдөрдүн жашоого умтулуу сезимин калыптандыруу,алдын алуу" темасында 9-10-11-класстарга лекция өтүлдү."Өмүр бир келет ","Өз өмүрүнө кол салуу"темаларында класстык сааттар өтүлүп,окуучулар өз жанын кыюу жаман жорук экендигин жана ой-пикирлери менен бөлүшүштү.26-ноябрь"Балдарга карата ырайымсыздыкка жол берилбеш керек!" деген темада түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 27-ноябрда "Толеранттуулук –нравалык маданияттын бир бөлүгү"деген темада чогулуш өтүлдү.

**Декабрь** айында "Зордук-зомбулукка каршы 16 күндүк компаниянын" акциясына карата "Зордук зомбулуксуз дүйнө"аттуу сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп,"Зомбулуксуз үй-бүлө"деген темада дилбаяндар жаздырылып,класстык сааттар 8-9-класстарга "Аялдардын жана балдардын укуктары"жөнүндө лекция өтүлдү.Мечитке барган окуучулардын тизмеси такталып"Диний экстремизмдин алдын алуу"темасы боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 23-декабрда" Жаңы жыл алдында пиротехникалык заттарды колдонууда коопсуздук эрежелерди сактоо"деген темада окуучуларга түшүндүрүлүп,анын ден соолукка жана өмүргө зыяндуу экендигин айтылды.

**Январь** айында экинчи жарым жылдыка карата окуучулардын социалдык пасторту такталды.5-11-класстарга "Адам сатууга каршы күрөшүү" боюнча ата-энелер менен биргеликте жыйын өткөрүлдү.Зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча "Тартиптүү- мектеп тарбиялуу коом" деген темада уюштуруучулар менен биргеликте 5-11-класстардын кыздар арасында жыйын өткөрүлдү.Жыйында кыздар тартип,тазалык жана зордук зомбулук тууралуу кеңири маалыматтар берилди. ИДН менен биргеликте"Зомбулуксуз дүйнө"деген темада 8-9-10-11-класстарга лекция өтүлдү. "Кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча 7-8-9-класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Мектеп ичиндеги каттоого алынган окуучулар менен жекче иштер жүргүзүлдү. 6-класстарга "Интернет оюндарынын кооптуулугу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,телефондорго рейдтер уюштурулду."

**Февралда** "Тамеки тартуу,аракечтик жана баңгиликтин жайлышына каршы күрөшүү" боюнча 9-класстарга видео роликтер көрсөтүлүп,класстык сааттар өткөрүлдү.19-февралда ИДНдин,ата-энелердин,мугалимдердин катышуусунда 9-класстар менен "Эмне үчүн адептүү болушум керек"деген темада чогулуш өтүлдү. Мектепте жол транспорт кырсыктарынын алдын алуу жана балдардын ден соолугуна, өмүрүн коргоо максатында "Жолдо жүрүү эрежеси" боюнча 1-11-класстарга МАИ кызматкерлери менен бирдикте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,класстык сааттар өткөрүлдү. Шаардык билим берүү бөлүмү,шаардык мэрия жана ички иштер бөлүмүнүн ЖККБү менен биргеликте иштелип чыккан пландын алкагында "Адамдарды сатууга каршы

курөшүү" боюнча 5-6-7-8-9-10-11-класстардын ата-энелери менен жыйындар өтүлдү.

**Март** айында "Тамеки,насывый,клей жыттоонун алдын алуу" боюнча 8-9-10-11-класстарга жыйын өткөрүлүп,анкеталар алынды."Жашоо өмүрдүн булагы" деген тема боюнча жыйналыш өткөрүлдү. Жыйында 8-11-класстагы окуучуларга жашоонун маңызы жана өмүр бир келери жөнүндө терең түшүнүк берилди. Ошондой эле ишеним кутучага билдирүү салып жекече маектешүү жүргүзсө болору эскертилди.Кыздар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча 7-11-класстарга кыздар советинин төрайымы тарабынан жыйын уюштурулду.

**Апрелде** онлайн режиминде окуучулардын сабакка катышуусун,жетишүүсүн көзөмөлдөө максатында ата-энелер менен иштер алып барылды.Мектеп ичинде турган жана тобокел тобунда турган окуучулар менен "Мен сени түшүнөмүн?","Мен сага кантип жардам беремин?" деген темада аңгемелешүү болду. Мектепте 1-11-класстарга "Жашоо өмүрдүн булагы" боюнча класстык сааттар өткөрүлдү.Мерия,балдарды коргоо бөлүмү,мектеп директору менен биргеликте калктын аярлуу үй-бүлөөлөрүнө психологиялык жана моралдык жактан көмөк көрсөтүү иштери жүргүзүлдү.

**Май** айында айында 9-10-11-класстарга "Кылмыштуулуктун алдын алуу","Балдарга карата зордук зомбулуктун алдын алуу"боюнча онлайн режиминде жыйындар өткөрүлүп,видео роликтер 1-11-класстардын группаларына жиберилип турду.Акыркы коңгуроо аземи онлайн режиминде өткөрүлүп,коопсуздуктары каралды.

- **Июнь** айында Окуу бөлүм башчылары,уюштуруучулар,класс жетекчилер тарабынан дистанттык түрдө 9-11-класстарга күбөлүк,аттестаттар тапшырылды.

Соц педагог ____________ М.А.Акинбекова